**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК
КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

08.12.2023-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын
кезектеги XXV-сессиясынын
№2 -ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарында мүлк салыгын колдонууга киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Салык Кодексин колдонууга киргизүү жөнүндөгү" мыйзамынын 3-беренесинин 2-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесин аткарууга алып, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын кортундусун жана 05.06.2023-жылкы чыгыш №01-17/501 саны менен катталган Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун катына негиз, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXV-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарында 2023-жылдын 1-январынан тартып Мүлк салыгы колдонууга киргизилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновго жана мэриянын киреше бөлүмүнүн башчысы Т.Мурзакановго жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төраганын у.м.а.** **А.Сулайманова**